КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**2024-жылдын 28-августу** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясынын**

## №1 ТОКТОМУ

**Мурунку Оро айыл өкмөтүнүн бюджетинде бала бакча курууга каралган акча каражатты жылдыруу жөнүндө**

Мурунку Оро айыл өкмөтүнүн бюджетинде бала бакча курууга каралган 6 222 393 сом акча каражаттан Кыргызстан айылындагы мурунку эски мектептин имаратын бала бакчага ылайыктап оңдоп түзөөдөн өткөрүү үчүн 3 571 550 сомду, бала бакчанын имаратынын жумушчу долбоорун иштеп чыгууга 300 000 сомду, бала бакчанын ички жасалгасына, эмерек мебельдерине жана оюн аянтчасына 2 050 843 сомду жана ошондой эле мындан тышкары Кыргызстан айылындагы Тойчубек уулу Жанадил атындагы орто мектепке 300 000 сомго видеокөзөмөлдөөчү 30 даана камераларды жана 32 каналдуу видеорегистратор телевизору менен жана ифодокстун роутери микротип ХАБ алууга акча каражатты жылдыруу жөнүндөгү маселени угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Мурунку Оро айыл өкмөтүнүн бюджетинде бала бакча курууга каралган 6 222 393 сом акча каражаты Кыргызстан айылындагы эски мектептин имаратын бала бакча кылуу үчүн жана мындан тышкары Кыргызстан айылындагы Тойчубек уулу Жанадил атындагы орто мектепке видеокөзөмөлдөөчү камераларды алуу үчүн төмөндөгүдөй болуп бөлүштүрүлсүн:
   - Бала бакча бөлүмүнүн 3111 (мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгым) беренесине эски мектептин имаратын бала бакчага ылайыктап оңдоп түзөөдөн өткөрүү үчүн 3 571 550 (үч миллион беш жүз жетимиш бир миң беш жүз элүү) сом акча каражаты жылдырылсын.
   - Бала бакча бөлүмүнүн 2215 (дагы башка көрсөтүүнү алуу) беренесине бала бакчанын имаратынын жумушчу долбоорун иштеп чыгууга 300 000 (үч жүз миң) сом акча каражаты жылдырылсын.
   - Бала бакча бөлүмүнүн 3112 (эмеректерди сатып алуу) беренесине бала бакчанын ички жасалгасына, эмерек мебельдерине жана оюн аянтчасына 2 050 843 (эки миллион элүү миң сегиз жүз кырк үч) сом акча каражаты жылдырылсын.
   - Билим берүү бөлүмүнүн 2215 (дагы башка көрсөтүүлөрдү алуу) беренесине Кыргызстан айылындагы Тойчубек уулу Жанадил атындагы орто мектепке 300 000 (үч жүз миң) сомго видеокөзөмөлдөөчү 30 даана камераларды жана 32 каналдуу видеорегистратор телевизору менен алууга жана ошондой эле инфодокстун роутери микротип ХАБ алууга жылдырылсын.

2. Токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**2024-жылдын 28-августу** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясынын**

## №2 ТОКТОМУ

**Боо-Терек айылындагы Б.Сатыбеков атындагы орто мектептин жылытуу системасын жаңылагандан кийин чыккан эски чугун батареяларын сатуудан түшкөн акча каражатты мектептин муктаждыктары үчүн которуп берүү жөнүндө**

Б.Сатыбеков атындагы орто мектептин жылытуу системасын жаңылагандан кийин чыккан эски чугун батареяларын сатуудан (Күмүштак айыл өкмөтүнүн 4406021000100147 эсептик счетуна 14511900 элементинде) түшкөн 64500 сом акча каражатты Билим берүү бөлүмүнө чарба буюмдарын алып берүү жөнүндөгү маселени угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Билим берүү бөлүмүнүн 2222 (чарба буюмдарды сатып алуу) беренесине Б.Сатыбеков атындагы орто мектептин жылытуу системасын жаңылагандан кийин чыккан эски чугун батареяларын сатуудан түшкөн 64500 сом акча каражаты Б.Сатыбеков атындагы орто мектебине чарба буюмдарын алууга берилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин депутаттарынын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**2024-жылдын 28-августу** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясынын**

## №3 ТОКТОМУ

**Күмүштак айыл аймагынын карьерлеринен кум шагыл (кызыл кум, селдин көк куму), топурак ж.б.у.с. курулуш материалдырын алуу боюнча тарифтерин бекитип берүү жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын кум шагыл (кызыл кум, селдин көк куму), топурак ж.б.у.с. курулуш материалдырын алуу боюнча тарифтерин бекитип берүү жөнүндөгү "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматованын сунушун угуп, карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын кум шагыл (кызыл кум, селдин көк куму), топурак ж.б.у.с. курулуш материалдырын алуу боюнча тарифтери төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:
   - Кум шагыл (кызыл кум, селдин көк куму) ж.б.у.с. курулуш материалдырын алуу боюнча бир рейсине:
     - Газ 53 автоунаасы үчүн – 100 сом;
     - КАМАЗ автоунаасы үчүн – 200 сом;
     - ХОВО автоунаасы үчүн – 400 сом.
   - Топурак алууга бир рейсине:
     - Газ 53 автоунаасы үчүн – 50 сом;
     - КАМАЗ автоунаасы үчүн – 100 сом;
     - ХОВО автоунаасы үчүн – 200 сом.
2. Карьерлерден кум шагыл (кызыл кум, селдин көк куму), топурак ж.б.у.с. курулуш материалдырын алуу боюнча автоунаалардын айдоочуларын көзөмөлдөө жагы "Күмүштак" муниципалдык ишканасынына милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**2024-жылдын 28-августу**

**Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясынын**

## №4 ТОКТОМУ

**Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына талапкерди сунуштоо жөнүндө**

Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына талапкерди сунуштоо жөнүндөгү 6050-участкалык шайлоо комиссиясынын кайрылуусун угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына 6050-участкалык шайлоо комиссиясынан Кокумова Гулзат Райкановна сунушталсын.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**КҮМҮШТАК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КУМУШТАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**2024-жылдын 28-августу** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясынын**

# №5 ТОКТОМУ

**1-Май айылындагы муниципалдык менчикти - пельмен цехиндеги жабдууларды ижарага берүү жана пайдалануу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун координатору М.Д.Досуевдин 2024-жылдын 16-июлундагы №05-592 катынын негизинде билдирүүнү угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагынын 1-Май айылында Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун алкагында 1-Май айылына пельмен чыгаруучу цехи уюштурулуп, жумуш орундары түзүлгөндүгү жана Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун координатору М.Д.Досуевдин 2024-жылдын 16-июлундагы №05-592 каты көңүлгө алынсын жана канааттандырылсын.
2. Күмүштак айыл аймагынын 1-Май айылындагы пельмен цехиндеги жабдууларды толугу менен бизнес-өнөктөшкө Раймалиева Нуржан Анаркановнага ИНН:12403197400107, МКК217011, 21.02.2023 ж., убактылуу пайдаланууга ижарага берүүгө макулдук берилсин.
3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевге жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**2024-жылдын 28-августу** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясынын**

## №6 ТОКТОМУ

**1-Май айылындагы муниципалдык менчикти - пельмен цехиндеги жабдууларды ижарага берүү жана пайдалануу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун координатору М.Д.Досуевдин 2024-жылдын 16-июлундагы №05-592 катынын негизинде билдирүүнү угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагынын 1-Май айылында Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун алкагында 1-Май айылына пельмен чыгаруучу цехи уюштурулуп, жумуш орундары түзүлгөндүгү жана Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун координатору М.Д.Досуевдин 2024-жылдын 16-июлундагы №05-592 каты көңүлгө алынсын жана канааттандырылсын.
2. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү боюнча типтүү Жобо 8-бөлүм менен толукталып бекитилсин.
3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевге жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**2024-жылдын 28-августу** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX кезексиз сессиясынын**

## №7 ТОКТОМУ

**Күмүштак айыл аймагына караштуу Боо-Терек айылынын №228-контурунда жайгашкан айыл чарба багытындагы 5,3 гектар жер аянтын өнөр-жай категориясына которуп берүү жөнүндө**

Күмүштак айыл аймагына караштуу Боо-Терек айылынын №228-контурунда жайгашкан айыл чарба багытындагы 5,3 гектар жер аянтын өнөр-жай категориясына которуп берүү жөнүндөгү маселени угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагына караштуу Боо-Терек айылынын №228-контурунда жайгашкан айыл чарба багытындагы 5.3 гектар жер аянтын өнөр-жай категориясына трансформациялоого макулдук берилсин.
2. Көрсөтүлгөн жер аянттын түндүк жагындагы 1,30 гектар жер тилкеси мал айдап өткөнгө жолго калтыруусу эске алынсын.
3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевге милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**2024-жылдын 28-августу** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX сессиясынын**

**№8 ТОКТОМУ**

**Боо-Терек айылында жайгашкан “Ак-Жер” жаңы конушу боюнча Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаттарынын “Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология” боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан иштелип чыккан картасын, көчөлөрүн, жер тилке ээлеринин тизмелерин жана бош муниципалдык жер тилкелерин бекитип берүү жөнүндө.**

Айылдык Кеңештин депутаттарынын “Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология” боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан “Ак-Жер” жаңы конушу боюнча кайрадан иштелип чыккан картасын, жер тилке ээлеринин тизмелерин, көчөлөрүн жана бош муниципалдык жер тилкелери жөнүндөгү 2024-жылдын 15-апрелиндеги №5 протоколундагы сунуштарды талкуулап жана алымча кошумча сунуштарды эске алып Күмүштак айылдык Кенешинин I чакырылышындагы депутаттардын IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айылдык Кеңештин депутаттарынын “Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология” боюнча туруктуу комиссиясынын 2024-жылдын 15-апрелиндеги отурумунун №5 протоколундагы “Ак-Жер” жаңы конушу боюнча жаңыдан такталган картасындагы жарандардын тизмесин эске алып көчөлөрү жана бош муниципалдык жер тилкелери, талаш участоктордун соттук чечимин эске алуу менен, 2008-жылы “Ак-Жер” жаңы конушунан жарандарга берилген жер тилкелеринин жоголуп кеткен тизмелерин эске алып, Жер ресурстары кызматынын алдындагы Кадастр мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалынан жарандарга берилген мамлекеттик актыларды жана Бакай-Ата райондук шаар куруу жана архитектура бөлүмү тарабынан жарандарга берилген документтерди эске алуу менен жана алымча кошумча сунуштарды эске алып, жана ошондой эле жогоруда жазылган бул маселе боюнча кынтыксыз толугу менен изилдеп чыгып, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы №177 токтому менен бекитилген *(КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 26-декабрындагы №714 токтомунун редакциясына ылайык)* **Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндөгү ЖОБОсуна ылайык** Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаев айыл өкмөтүнүн жоопкерчиликтүү токтому менен Боо-Терек айылында жайгашкан “Ак-Жер” жаңы конушу боюнча жаңыдан түзүлгөн тизмесин бекитсин.

2. Айыл өкмөтүнүн башчысы Боо-Терек айылында жайгашкан “Ак-Жер” жаңы конушу боюнча тизмесин бекитүү үчүн төмөндөгүдөй комиссия курамын түзсүн:

- ✓ Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалынан;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Бакай-Ата райондук шаар куруу жана архитектура бөлүмүнөн;
- ✓ Күмүштак айылдык Кеңештин депутаттарынын "Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология" боюнча туруктуу комиссиясынын 3 депутаты;
- ✓ Аксакалдар сотунун төрагасы;
- ✓ Ардагерлер кеңешинин төрагасы;
- ✓ Аялдар кеңешинин төрайымы;
- ✓ Жаштар комитенин төрагасы;
- ✓ Күмүштак айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен:
  - Айыл өкмөтүнүн башчысы;
  - Жерге жайгаштыруу жана айыл чарбасы боюнча жетектөөчү адиси;
  - Жер маселери боюнча адиси;
  - Өзгөчө кырдаалдар, пробация, укук бузуулар жана коррупция боюнча жетектөөчү адиси;
  - Киреше (салык) боюнча адиси;
  - Айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы;
  - Айылдык кеңешинин жооптуу катчысы.

Жогоруда жазылган комиссия курамы түзүлүп, 5 нускадан турган протокол жана тизмелеринин беттери номерленип, тигилип, кол тамгалары коюлуп, мөөрлөнүп 220 огород жер тилке ээлеринин тизмеси бекитилсин. 1 нускасы - «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына, 1 нускасы - Бакай-Ата райондук шаар куруу жана архитектура бөлүмүнө, 1 нускасы – Күмүштак айылдык кеңешине, 1 нускасы – Күмүштак айыл өкмөтүнө, 1 нускасы – райондук архивине жөнөтүлсүн.

3. Айыл өкмөтүнүн башчысы Бакай-Ата райондук шаар куруу жана архитектура бөлүмүнө кайрылып "Ак-Жер" жаңы конушу боюнча жаңы картасын жасатып бүтүрсүн.

4. Айыл өкмөтүнүн башчысы "Ак-Жер" жаңы конушу боюнча муниципалдык бош жер тилкелерине мамлекеттик АКТы алуу үчүн Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына" кайрылып жасатсын.

5. Айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен Бакай-Ата райондук шаар куруу жана архитектура бөлүмүнө жана Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына акча каражатын которуу жагын камсыздасын.

6. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына, жерге жайгаштыруу жана айыл чарбасы боюнча жетектөөчү адисине жана жер маселелери боюнча адисине милдеттендирилсин.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын "Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасы** **Мамыралиев А.**